Alternativa Film Project долбоору Alternativa Film Award биринчи эл аралык сыйлыгынын калыстар тобун жарыялайт

Калыстар тобун филиппиндик кинорежиссер, Канн кинофестивалынын лауреаты **Брийанте Мендоса** жетектейт. Калыстар тобунун мүчөлөрү **Гита Саэди Кили, Удайя Прасанна Витанаге, Ринту Томас, Баян Алагузова, Вячеслав Абрамов, Руслан Акун** жана **Анна Чубинидзе.**

Alternativa Film Awards – жакшы социалдык өзгөрүүлөргө себепкер боло турган, ошол эле маалда элдин кеңири катмарына багытталган кинолорго колдоо көрсөткөн жаңы кино-сыйлык. Сыйлык коомдук, маданий көйгөйлүү маселелерди көтөргөн, элдин жана локалдуу коомчулуктардын жашоосуна таасир тийгизген эмгектерге басым жасайт.  Alternativa Film Awards кино-сыйлык жана импакт-сыйлыктарды бириктирүү менен кинолордун көркөмдүүлүгүн жана социалдык таасирин (импакт) баалайт. Alternativa Film Awardsтын биринчи сыйлыгын тапшыруу аземи 2-декабрда Алматыда өтөт.

**Брийанте Мендоса —** режиссер, продюсер. Канн кинофестивалында «Кыргын» (Kinatay) аттуу кинотасмасы (2009) менен эң мыкты режиссура сыйлыгын жеңип алган алгачкы филиппиндик режиссер.  Андан сырткары Франциянын искусство жана адабият орденинин кавалери болгон алгачкы филиппиндик. Мендосанын «Минданао» (2019), «Роза эне» (2016), «Капкан» (2015), «Түйүлдүк» (2012) и «Лола» (2009) аттуу кинолору Берлин, Венециядагы кинофестивалдардын катышуучусу жана жеңүүчүсү. Аталган инсан филиппиндик жаш режиссёрлорду жигердүү колдоп, өз өлкөсүндө кино билимдин деңгээлин жогорулатууну көздөйт. Мендоса Филиппин кинофондун жана кинофестивалды негиздөө менен бирге режиссура боюнча мастер-класстарды үзгүлтүксүз өткөрүп келет.

«Биздин калыстар тобунун тажрыйбасы жана ар өлкөдөн болгондугу бизди кубандырат. Биз бир нече критерийлердин негизинде адамдарды тандап алдык. Биринчиден, биз үчүн сыйлыктын негизги принцибин карманууу маанилүү: кинонун көркөмдүк сапатын жана таасирин (импакт) айкалыштыруу. Ошондуктан калыстар тобуна ишмердүүлүгү активдүүлүк жана социалдык өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышкан адамдарды коштук. Алсак, аялдардын укугун коргогон Баян Алагузова, FilmAid уюмунун өкүлү Гита Саеди Кили жана Vlast.kz сайтынын негиздөөчүсү Вячеслав Абрамовдор. Экинчиден, фильмдердин жанрдык артыкчылыгын баалай билген, кадыр-барктуу, чоң режиссерлорду чакырдык. Ошондуктан документалист Ринту Томасты, режиссер-аниматор Анна Чубинидзени калыстар тобуна коштук. Бул режиссеорлорду биздин сыйлыкка катышуу үчүн эң көп билдирме түшкөн Борбор Азиянын негизги аймактарындагы кесиптештеринин эмгектери менен тааныштырабыз. Кино жана импакт жаатындагы адистердин диалогу жемиштүү жыйынтыктарды берип, жакшы жагынан таң калтырат деп ишенебиз", - дейт "Alternativa Film Awards" сыйлыгынын жетекчиси Алена Бочарова.

Калыстар тобуна кинонун таасирин качкындарга жана башка муктаж болгон коомчулуктарга колдоо, психологиялык көмөк көрсөтүү үчүн колдонгон FilmAid коммерциялык эмес уюмунун директору **Гита Саэди Кили** да кирди.

Гита - дүйнө жүзүндөгү иммигранттар менен качкындардын Кошмо Штаттардагы жашоосунун алгачкы жылдары жөнүндө баяндаган атактуу "Жаңы америкалыктар" сериалынын продюсери.

Андан сырткары Шри-Ланка киноматографынын пионерлеринин бири деп эсептелген шри-ланкалык режиссер **Удая Прасанна Витанаге** да калыстар тобунун мүчөсү. Ал улуттук жана эл аралык кинофестивалдарда сыйлыктарга татыктуу болгон "Ай толгондогу өлүм" (1997), "Август күнү" (2003), "Асмандагы гүлдөр" (2008) жана "Сенсиз, сени менен" (2012) сыяктуу сегиз толук метраждуу көркөм кино тарткан. Витанаге Шри-Ланкада цензурага каршы системалуу күрөшүп, кино тартууну үйрөтөт жана өз мекенинде кинорежиссерлор жана кино сүйүүчүлөр үчүн мастер-класстарды өткөрүп келет.

Калыстар тобунун дагы бир мүчөсү – индиялык даректүү кино режиссер **Ринту Томас.** Ал импакт-кино жаатында ийгиликтүү иш алып барып келет. Анын "Жалындагы кат" (2021) аттуу толук метраждуу дебюту "Оскар" сыйлыгына көрсөтүлгөн алгачкы индиялык даректүү кино болуп, “Санденс” кинофестивалында эки сыйлыкка ээ болгон.

Сыйлыктын калыстар тобуна ошондой эле кыргызстандык режиссер, продюсер жана сценарист **Руслан Акун** («Салам, Нью-Йорк», «Бишкек, мен сени сүйөм!», «Акыркы сабак») кирген. Аталган режиссер студенттик күндөрүнөн бери Кыргызстандагы социалдык иш-чараларга жигердүү катышып келет. Берлин кинофестивалында Panorama секциясында үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу “Бакыт” киносу  менен көрүүчүлөрдүн сүймөнчүгү сыйлыгын жеңип алган казакстандык продюсер **Баян Алагузова** да тизмеде.

Андан сырткары Казакстанда көз карандысыз журналистика жана жарандык коомдун өнүгүшүнө салым кошкон, vlast.kz көз карандысыз интернет-порталынын түптөөчүсү, журналист **Вячеслав Абрамов**, Анси, Лондондо өткөн дүйнөлүк чоң анимация фестивалдарына “Чөнтөк адам”, “Франце ашканасы” аттуу эмгектери менен катышып, байгелүү орундарга ээ болгон грузин режиссер-аниматору жана иллюстратору **Анна Чубинидзе** да калыстар тобунун мүчөлөрү

Alternativa Film Projectтин жетекчиси Лиза Сурганова: “Биз долбоорубузду башынан эле глобалдуу уюштурууну көздөгөнбүз. Ошондуктан калыстар тобу чын эле эл аралык болуп, ага өз ишин мыкты билген чебер адистерден куралганына абдан кубанычтабыз. Калыстар тобу дасыккан тажрыйбалуу адис болуп, маанилүү коомдук талкууларды жараткан эмгектердин авторлору. Алардын ишмердүүлүгү өз өлкөсүндөгү көйгөйлүү маселелерди көтөргөндөрдүн үнүн элге жеткирүүгө багытталган. Биз дүйнөнүн 25 өлкөсүнөн 350дан ашуун катышуу баракчаларын алдык. Биздин тандоо комитети, андан кийин калыстар тобу татыктуу кинолорду тандап алышын чыдамсыздык менен күтүүдөбүз”.

Сыйлыктын жалпы байге фонду 2023-жылы $100 000 түзүп, беш номинация боюнча ыйгарылат: Future Voice (кино тармагы жана коомдогу өзгөрүүлөргө чоң салым кошо ала турган режиссёр үчүн), Spotlight (мурун жалпы коомчулуктун көз

жаздымында калып келген маанилүү теманы же окуяны чагылдырган кино үчүн), Alter (социалдык курч маселелер жана өзгөртүүгө түрткү бере турган кино үчүн), Nativa (улуттук же маданий иденттүүлүк маселелерин камтыган кино үчүн) жана Short Awards (Борбор Азиянын фокустук аймагынан кыска метраждуу кино үчүн). Андан сырткары сыйлоо аземинде көрүүчүлөрдүн купулуна толгон кино үчүн Resonance аттуу атайын сыйлык да ыйгарылат (акчалай байгесиз).

Alternativa Film Awardsтын байгелери адилетүү бөлүнөт, б.а. бардык байге ээлери $ 20 000 өлчөмүндө сыйлыкка ээ болот. Сыйлыкка катышуу үчүн көркөм, документалдык, анимациялык жана жанрларды айкалыштырган гибриддик кинолорду жиберүүгө болот. Бул жылы бардык жанрдагы кыска метраждуу кинолор Борбор Азия өлкөлөрүнөн гана кабыл алынат. Кинолор 2022 же 2023 жылдары тартылып бүтүшү зарыл.

Сыйлыкка катышуу үчүн 2023-жылдын 8-октябрына чейин катышуу баракчасын жөнөтүү керек. Номинациялар, кинолорду тандап алуу жана калыстар тобу тууралуу толук маалыматты alternativa.film сайтынан алууга болот.

# # #

Alternativa Film Awards – inDrive глобалдык технологиялык компаниясы тарабынан 2023-жылы Борбор Азияда түзүлгөн эл аралык коммерциялык эмес Alternativa Film долбоорунун бир бөлүгү. Долбоор өнүгүп келе жаткан киноиндрустиядагы киночулардын кыймылын колдоо жана өнүктүрүү үчүн түзүлгөн. Анын миссиясы – биздин дүйнө жөнүндөгү түшүнүгүбүздү кеңейтип, аны жакшы жакка өзгөртүүгө жардам бере турган эмгектердин авторлорун дүйнөлүк аренага таанытуу; алардын профессионалдык өсүүсүнө жардам берүү жана локалдык киноиндустрия жана кинокоомчулуктарынын өнүгүшүнө терең таасир этүү.

Alternativa Film Project – көчмөн-долбоор болуп, бир өлкөдөн экинчи өлкөгө көчүп, өз аймагын тынымсыз кеңейтет. 2023-жылдагы негизги демилгелер Алматы жана Бишкектеги Alternativa Film Labs алкагындагы үч билим берүү программасы болот. Андан сырткары 2-декабрда Алматыда өтө турган биринчи “Alternativa” эл аралык кино сыйлыктарын тапшыруу аземи уюштурулат.

**Медиа байланыштар**

Анна Васильева
anna.vasilyeva@alternativa.film